УДК: 410
DOI: 10.35254/bhu.2021.54.4

Турсунова Айгүл Аскаровна
И.Арабаев атындагы КМУ.
aygulya2380@gmail.com

АРКЫЛУУ МАМИЛЕНИН САЛЫШТЫРМА ТАРЫХЫЙ АНАЛИЗИ
(Кыргыз тили менен түрк тили негизге алынды)

СРАВНИТЕЛЬНО-ИСТОРИЧЕСКИЙ АНАЛИЗ ПОНУДИТЕЛЬНОГО ЗАЛОГА
(на материале кыргызского и турецкого языков)

COMPARATIVE HISTORICAL ANALYSIS OF COMPULSORY COLLATERAL
(Based on the Kyrgyz and Turkish languages)

Аннотация. *Баарыбызга маалым болгондой аркылуу мамиле этишке мүнөздүү категория. Мамиле категорияларынын эң негизги өзгөчөлүгү - кыймыл-аракеттин субъектиси менен объектисинин ортосундагы мамиле, б.а. сүйлөмдө ээлик милдет аткарган сөздүн же кыймыл-аракеттин чыныгы аткаруучусунун субъект же объект экендигин аныктайт. Алардын ичинен аркылуу мамиле кыймыл-аракеттин башка бирөө тарабынан иштелгенин билдирет.*

Биз бул эмгегибизде кыргыз тилиндеги мамиле категорияларынан - аркылуу мамилени тарыхый жана маанилик жактан анализдемекчибиз. Маанилерди аныктоодо бул мамиленин байыркы Көктүркчөдөн азыркы убакка чейинки басып өткөн жолу талданып, кандай лигвистикалык методдор менен түзүлөрүнө да кеңири токтолдук. Макалабызда кыргыз тили менен түрк тили негизге алынды.

Түйүндүү сөздөр: *мамиле категориясы, этиштин мамилелери, аркылуу мамиле, кыргыз тили, түрк тили, тилдин тарыхый өнүгүшү, тарыхый анализ, тилдеги методдор.*

Аннотация. *Категория залога - есть необходимая категория языковой мысли, присущая общению. Важнейшей особенностью категорий залога является отношение между субъектом и объектом действия. В предложении данная категория определяет, является ли реальный исполнитель слова или действия, выполняющий функцию, субъектом или объектом, и означает ли что действие было разработано кем-то другим.*

В этой статье мы проанализируем категорию залога с исторической и семантической точек зрения в кыргызском языке. Определяя значения, мы будем анализировать историю этих залогов от древнего Коктюрского времени до наших дней и подробно обсуждать лингвистические методы, с помощью которых они сформированы. Наша статья основана на материале кыргызского и турецкого языков.

Ключевые слова: *категория залога, глагол, залоги глагола, кыргызский язык, турецкий язык, историческое развитие языка, исторический анализ, методы языка.*

Annotation. *The collateral category is a necessary category of linguistic thought inherent in communication. The most important feature of the cate-*

gories of collateral is the relationship between the subject and the object of the action.

In a sentence, this category determines whether the real performer of a word or action performing a function is a subject or an object, and means that the action was designed by someone else.

In this article, we will analyze the category of collateral from a historical and semantic point of view in the Kyrgyz language. By defining the meanings, we will analyze the history of these pledges from ancient Cocturian times to the present day and discuss in detail the linguistic methods by which they were formed. Our article is based on the material of the Kyrgyz and Turkish languages.

Key words: *collateral category, verb, verb collateral, Kyrgyz language, Turkish language, historical development of the language, historical analysis, language methods.*

Тарыхый өнүгүшү:

- Көктүркчө, Эски Уйгурчада (Орхон-Енисей жазма эстеликтеринде)

-ġur, -gür; -ḳur, -kür: *tirgür-* (тирилт-), *azġur-* (азгыруу)

-ur: *ölür-* (өлтүр-), *bütür-* (бүтүр-), *kiter-* (кетир-), *kelür-* (келтир-).

–t: *okıt-* (окут-), *olurt-* (teyin et-, отурт-).

-dur, -dür, -der; -tur, -tür: *yidür-*(жедир-), *göndür-*(жибер-), *göster-* (көрсөт-)

–z: *tutuz-* (teslim et-, туттур-), *utuz-* (уттур-). [1, 59-61].

Тахсин Бангуоглу аркылуу мамиленин *–dir-* мүчөсү тууралуу өзүнүн китебинде*: -dir* мүчөсүн , *-it- / –ür-* сыяктуу эки мүчөнүн биринин артынан бири удаа келишинен пайда болгон деген пикирин айткан: *ak-t-ur-mak, öl-d-ür-mek.*

Ошондой эле байыркы түркчөдөн келген айрым этиштерде үнсүздөрдүн түшүп калышынан пайда болгон аркылуу мамиле мисалдары бар деген: *olturmak* > *oturmak, keltürmek* > *getirmek, kalıturmak* > *kaldırmak.* [2, 275-293]

Караханий түркчөсүндө: Бул доордо колдонулган аркылуу мамиле мүчөлөрү төмөнкүлөр болгон [7]:

-Ar- *: çıkar-, çöker-;*

-gAr-: *içger-;*

-kİt-: *körkit- (göster-);*

-r-: *kingür- (genişlet-);*

-it-, -üt-: *bedüt- (büyüt-), bitit- (yazdır-);*

-DUr-: *kondur-, kültür-;*

-Ur-: *todur- (doyur-), tatur- (tattır-);*

-Uz-: *emüz- (emzir-), tamuz- (damlat-);*

-Gur-: *azgur- (zayıflat-);*

-ez-: *küdez- (korumak);*

-dAr-: *yumdar- (topla-, biriktir-);*

-güz-: *tirgüz- (dirilt-).*

Караханий түркчөсүнүн эң маанилүү булагы ДЛТтө жогорудагы мүчөлөрдүн көбүн кезиктирүүгө болот:

-tur-: *bartur-, öptür-, yaptur-;*

-gur-: *odgur-, turgur-, todgur-;*

-ur-: *uçur-, içür-;*

-it-: *arıt-, bitit-;*

-z-: *emüz-, tamuz-.*

Кашгардык Махмут өз эмгегинде аркылуу мамиле тууралуу төмөндөгүдөй маалыматтарды берген [3, 197-202].

1. Өтпөс этиштерди өтмө этиштерге айландырат: *Er suwka kardı* (Адам сууга какады). *Anı suwka karturdı* (Аны сууга какатты).

Er ya kurdı (Адам жаа жасады).

Ol anğar ya kurturdı (Ал ага жаа жасатты).

2. Айрым этиштер аркылуу мамиле менен көп байланышпастан, көбүнчө мааниге байланыштуу түзүлөт. Мындай этиштердин маанисинде «кыймыл-аракетти жасоо жана жасоого ниет кылуу», «аз-аздан, акырындап жасалуу» мааниси бар экени баса белгиленет:

Suw tamçırdı (суу тамчылады).

Aşıç taşgurdı (казан ташып кете жаздады). Мүчө аркылуу мамиле мүчөсү болсо да, мааниси башкача экени мисалдарда көрүнүп турат.

3. Айрым этиштер аркылуу мамиленин мүчөсү менен түзүлгөндөй көрүнгөнү менен аларда кыймыл-аракетти жасаттыруу мааниси жок. Башкача айтканда аркылуу мамиленин мааниси деп эсептелген, кыймыл-аракеттин башка субъект тарабынан аткарылганын билдирген маани аларда жок: *Tenğri meni kutgardı* (Теңир мени куткарды). *Er katgurdı* (Адам каткырды).

Харезм-Кыпчак түркчөсүндө: *-dur,-dür,-dır,-dir; -tur,-tür, -t, -ur, -kur,-kür,-gur, -gür,-git, -get-, -guz, -güz, -gez.* [4, 143-б.]

-Dur- мүчөсү эски түркчөдөгү колдонулушун улантып эринчил үндүү менен колдонулган. Кыпчак түркчөсүндө үндүүсү эринсиз болуп өзгөргөн.

–GUr- мүчөсү да эринчил үндүү менен колдонулган: tirgür- *'тирилтүү',irgür- 'жеткирүү'.* Кыпчак түркчөсүндө үндүүсү эринсиз болуп өзгөргөн.

-GUz- Кыпчак түркчөсүнө караганда Харезмде көбүрөк колдонулган. Үндүүсү эринчил болуп

да кездешкен: *körgez-* *'көргөзүү'*. Чагатай түркчөсүндө: *-(I)t, -dur, -tur, -(u)r, -kur, -gur, -kuz, -guz*. [4, 154-б.]

Көктүркчөдөгү *-tUr* аркылуу мамиле мүчөсү ар дайым эринчил болгон: azdur- (азгыр-), tındurur- (соорот-). Бул мүчө Эски Анадолу жана Чагатай түркчөлөрүндө да эринчил үндүү менен колдонулушун ulanткан. [5, 17].

Көктүркчөдөгү үндүүсү дайыма эринчил болуп колдонулган *– GUr* мүчөсү ЭАТ дө *– Ur* болгон: *kėçür-, yetür-*. *– GUr* мүчөсү Чагатай түркчөсүндө *–ġAr, -ķAr,- GUr* түрүндө [5, 46], ошондой эле мүчө башындагы «g» үнсүзү түшүп калып *– Ur* формасында сейрек да болсо кездешкен. [5, 47]. «g» нын түшүп калышы Эски Анадолу Түркчөсүнүн таасиринен улам болушу мүмкүн. Себеби сейрек кездешкен, ошондой эле Чагатай түркчөсүндөгү башка мүчөлөрдө «g» көбүнчө түшпөстөн колдонулган.

Эски Анадолу түркчөсүндө: *-ar-, -er-:çıkarur, uyardum, gider; -ur-, -ür-: art-ur-, gey-ür-, ir-ür-, tad-ur-*. Бул мүчөлөрдүн үндүүсү дайыма эринчил болгон. Азыркы күндө бул сөздөр *–dır-* мүчөсү менен уюшулат: *arttır-, giydir-, erdir-, tattır-* (арттыр-, кийдир-, эрдир-, таттыр-). *–dur-, -dür-: bildür, çekdürür,öldürür,oldurur* (билдир-, чектир-, өлтүр-, болтур-). *-der-, -ter-: gönder-, göster-*.

F.K.Timurtaş бул *göster-* (көрсөт-) этишин ачыктап түшүндүрүү кыйын экенин айткан. Ал *gös-* деген этиш жок экенин айтып, ДЛТ дө *körse-* этишинин болушу *körset-* этишинин пайда болушуна жол ачкан, демек *göster-* формасы метатезанын натыйжасында пайда болгон десек болот деген ойду айткан.

Ошондой эле ДЛТ дө «gördür-» маанисинде *közger-* этиши да колдонулган. Könger- этишинин köndger- (туура жолду көрсөт-) формасы да бар экенин эске алсак, анда *közger-* этишинин да *közdger-* формасы болгонун божомолдоого болот.

Демек ушундай жол менен *–g* тыбышынын түшүп калышынын натыйжасында *göster-* этиши пайда болгон десек болот. Бирок бул эки божомолго тең азырынча этият мамиле кылуу керек. [6, 136].

–gür- мүчөсү сейрек колдонулган: *dirgür- (тирилт-), turgur- (токтот-).*

–z- мүчөсү да сейрек кездешкен: *utuz- (уткуз-).*

сөт- (-сат-, -сет-) аркылуу мамиле мүчөсү жана görset - göster (көрсөт-) этиштери тууралуу Түркия түркологдорунан Нежметтин Хажыеминоглу өз китебинде, görset- / göster- этиштери метатезанын натыйжасында келип чыккан бир эле этиш деген ойду четке каккан. [7, 161].

Кыргызчадагы *–сөт* аркылуу мамиле мүчөсү тарыхый жагынан курамдуу болсо да, азыркы убакта ажырагыс морфемага айланып кеткен жана жогорудагы *көрсөт* сөзүндө гана колдонулат.

Азыркы кыргыз тилиндеги аркылуу мамиленин мүчөлөрү:

-Дыр, -кАр, -Ыр, -кЫр, -КАз, -ГЫз (-ыз), -сөт, -т.

Түрк тилинде: *-t, -It, -Dır, -Ir, -Ar.*

Кыргыз түркчөсү менен Түркия түркчөсүндөгү аркылуу мамиле менен түзүлгөн мисалдарды карап чыгып, эки тилде тең бул мамиле морфологиялык, синтаксистик жана лексикалык жолдор менен түзүлөрүн айтууга болот. Себеби эки тилде тең субъект менен кыймыл-аракеттин ортосундагы мамиле айырмачылыктары негизинен этиштин мамиле категориялары аркылуу ишке ашат.

Мамиле категориялары аркылуу этиште пайда болгон морфологиялык өзгөрүүлөр, сүйлөмдө лексикалык жана синтаксистик өзгөрүүлөрдүн пайда болушуна жол ачат. Субъекттин кыймыл-аракетке болгон ар кандай мамилеси этиш аркылуу көрсөтүлөт.

Морфологиялык метод. Аркылуу мамиледеги морфологиялык түзүлүштөрдүн маанилерин төмөндөгүдөй көрсөтүүгө болот: Буюруу,зордоо мааниси: *Жаш балдарды өз пайдасы үчүн кайыр суратып иште-т-чү. (çalış-tır-ıyordu).* Байкабастык, кокустук мааниси: *Кечээ акчасын уурда-т-ты. (çal-dır-mış).* Кам көрүү мааниси: Баламды *жуун-дур-ам, тамактан-дыр-ам, той-гуз-ам.* (yıka-at-, doy-ur-). Колдоо, жардам мааниси: *Уулубузду бутка тур-гуз-алы, үйлөн-дүр-өлү.* (büyü-t-, evlen-dir-). Ишти аткарууга субъектинин өзү жол бергендиги мааниси: *Кызы апасына чачтарын сыла-т-ты.(okşa-t-tı). Врачка ийне сай-дыр-дым.* Ишендирүү, көндүрүү мааниси: *Жылуу сөзү менен элди ишен-дир-ди. (inan-dır-dı).* Бир нерсеге түрткү болуу, себеп болуу мааниси: *Анын бул кылганы отургандарды шектен-дир-ди.(kuşku yara-t-tı). Көп суу куюп гүлдү куура-т-ты.(sol-dur-du).*

Көргөнүбүздөй морфологиялык методдо маани мамилелери кыймыл-аракет аркылуу көрсөтүлдү.

Синтиксистик метод. Кыргыз жана түрк тилдеринде аркылуу мамилени синтаксистик жол менен да туюндурууга болот. Бул учурда морфологиялык методду колдонуу кажети калбайт, б.а. этишке аркылуу мамиленин мүчөсү уланып уюшулбастан, сүйлөмгө кирген бир сөз же сөз айкашы аркылуу, мамиле категориясынын мааниси туюндурулат.

Синтаксистик жол менен уюшулган аркылуу мамиле, мамиле категориясынын маанисин сүйлөм ичинде ачып көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн берет. Мындай түзүлүштөрдө ишти кылган тараптын кыймыл-аракети этиштен жасалган атооч сөз аркылуу берилет: *Машиненин көптүгү анын кеч*

калуусуна себеп болду. (Машиненин көптүгү аны кеч кал-тыр-ды). Мугалим окуучулардын эшке чыгышына уруксат берди. (эшке чыг-ар-ды). Доктур оорулуунун сакаюусуна шарт түздү.(сакай-т-ты). Аркылуу мамиледе себеп-жыйынтык түшүнүктөрү тыгыз байланышта болот.

Лексикалык метод. Айрым учурларда этиш сөздөргө эч кандай аркылуу мамиленин мүчөсү уланбай туруп деле бул мамиленин маанисин берген учурлар кездешет:

Трактор дубалды жыкты.(дубалдын жыгылышына себеп болду).

Ит жибин үздү. (жиптин үзүлүшүнө себеп болду).

Болот Асанды чалып жыкты.(Асандын жыгылышына себеп болду).

Аркылуу мамиленин дагы бир өзгөчөлүгү, мамиле мүчөлөрүнүн кабатталып келиши көбүнчө бул мамиледе кездешет: *сана-т-ты-р-ыш-ты, бүт-үр-т-түр-сөм, сура-ш-тыр-ыл-ган* ж.б.

Мамиле мүчөлөрүнүн куранды мүчөлөргө же уланды мүчөлөргө таандык экени тууралуу тартышуулар да тилчилер тарабынан дайыма талаш-тартыш жараткан темалардан болуп келет. Мамиле категорияларынын этиштерге берген маанилери (белгисиздик, кыймыл-аракеттин чогуу,биргелешип жасалышы, кыймыл-аракетти башка бирөөгө жасаттыруу, себеп болуу, түрткү болуу ж.б.) аларды жаңы сөз, жаңы маани катары кароого жетиштүүбү, жетишсизби? Же буларды кыймыл-аракеттин объект менен субъекттин ортосундагы убактылуу гана болгон маанилик мамиле,байланыш катары гана кароо керекпи? деген суроолор талаш-тартыш жаратып келет.

Бирок мамиле мүчөлөрү уланган этиштердин ТДК сөздүгүндө өзүнчө бир сөз катары алынышы, демек алардын этишке к.б. жаңы маани бераринин далили катары кароого болот деген ойду жаратпай койбойт. Т.Бангуоглу мамиле мүчөлөрүн уланды мүчөлөргө киргизген. [2, 274]. Г.Гюлсевин өз макаласында куранды мүчөлөргө *Türetme Ekleri,* мамиле мүчөлөрүн *İşletme Ekleri* деп атап аларды куранды мүчөлөрдөн бөлүп караган. [8, 1267-1283]. М. Эргин аларды уланды мүчөлөргө жакындаткан. [9, 200].

Аркылуу мамиле мүчөлөрүнүн Эски Түркчөдө колдонулушу:

Аркылуу мамиленин ***–t-*** мүчөсү Эски Түркчөдө дайыма эле аркылуу мамиле мүчөсү катары кызмат аткарган эмес.[10, 96]: *ayıt- (сура-), olgurt- (отур-), terit- (терде-).* Эски Уйгурчада бул мүчө негизинен аркылуу мамиле катары кызмат аткарса да айрым учурларда туюк мамиленин милдетин аткарган учурлар да кезиккен [12:112]: *alkat- (алкоо, мактоо), kızart- (кызарт-), sevit- (сүйүл-), basıt- (басыл-, эзил-).* Хажыеминоглу болсо бул мүчө Эски Түркчөдө күчөтмө маанисин да берген деген: ay-t- (айт-). [7, 35-36].

–Dır- мүчөсү байыртан бери эле өтпөс этиштерден өтмө этиштерди пайда кылган аркылуу мамиле мүчөсү болгон. Мындан сырткары «кыймыл-аракеттин аткарылышына түрткү болуу, себеп болуу» функциясын да аткарган [11, 126]: *çaldır-, ezdir-, sezdir-, yıldır-.(чалдыр-, сездир-, жылдыр-).* Азыркы убакта түрк тилинде бул мүчө мамиле мүчөсүнүн маанисин жоготуп, этиштин уңгусу менен кайнашып жаңы сөздөрдү жаратуу милдетин да аткарат: *aldır- (ilgi göster-/ көңүл буруу), andır- (benzet-/окшот-), çıldır- (delir-/жиндениүү), kaptır- (kendini fazlasıyla bir işe ver-/берилүү), tuttur- (bir şeyi ısrarla iste-/ каалоо).*

Эски түркчөдө үндүүсү дайыма эринчил болгон. Айрым учурларда туюк мамиле маанисинде да колдонулган (artur-: aldan-, kandırıl- / алдануу) жана туюк мамиле мүчөсүнөн кийин да ага уланып келе бергени көңүлдү бурат: *katıltur-, tutultur-, uçruldur-, atlantur- (ata bin-).* Азыркы түркчөдө туюк мамиле өзүнөн кийин эч кандай мамиле мүчөсүн албаганы белгилүү. Ошондой эле аркылуу мамиленин мүчөсү менен уюшулса да анын маанисин бербеген этиштер да кездешкен: *entür-* (araştır, ara-; *кырг.*аңтар- ?), *eştür-* (haber ver- /кабар бер-), *irintür-* (kız-, иренжитүү), *öntür-* (yolcu et-/узатуу).

–r-, -Ar- . Бангуоглу бул мүчөнүн эски формасы *–gUr-* болгон деп айткан. [2, 286-287]. *Sıgur-* (sığdır- / сыйдыруу, батыруу), *tegür-* (bırak- / тапшыруу, таштоо) . M.Ergin да –gar,-ger ден келген деген божомолун айткан.

–z- мүчөсү Эски түркчөдө өтө кеңири колдонулган аркылуу мамиле мүчөсү болгон: *tutuz-* (tuttur- / туттуруу), *uduz-* (önderlik et- / жетектөө), *utuz-* (yenil-/ уттуруу,уткузуу), *tamız-* (damlat- / тамызуу). Азыркы түркчөдө сейрек кездешип аз гана сөздөрдө сакталып калган: *emzir-* / эмзирүү, эмизүү.

–gUr- байыркы убакта кеңири колдонулган аркылуу мамиле мүчөсү, азыркы түрк тилинде жок. М.Эргин бул мүчөнүн g үнсүзү түшүп калып – (X) r- мүчөсү менен аралашып кеткенин айткан. *tirgür-* (dirilt- / тирилтүү), *azgur-* (azdır-/ азгыруу), *kirgür-* (girdir- / киргизүү), *odgur-* (uyandır- / ойготуу).

Жыйынтыктап айтсак, окумуштуулар мамиле мүчөлөрүн этиштерге уланып сүйлөмдө к.б. абалдын өзгөрүүсүнө себеп болгону үчүн уланды мүчөлөр, бул өзгөрүү менен катар эле этишке жаңы маани бергендиги үчүн куранды мүчөлөргө да жакындап кетет деген ойлорду айтышкан. Ошондуктан бул мүчөлөрдү өзүнчө бир категория катары алып кароо эң туура болот деп белгилешкен.

Аркылуу мамиле мүчөлөрү –gUr- , –z- эски түрчкөдө кеңири колдонулса да азыркы убакта

түрк тилинде айрым гана этиштерде кездешет. Ал эми кыргыз тилинде дагы да болсо өз маанилүүлүгүн жоготпостон колдонулуп келет.

Айрым этиштерде аркылуу мамиле мүчөлөрүнүн өз маанисинде эмес башка маанини берип колдонулушу, байыркы убакта алардын мамилелик функция катары толук түзүлө электигин, мамилелик функциясынын кийин пайда болгонунун далили десек болот.

Эски түркчөдөгү –t- аркылуу мамиле мүчөсү көптөгөн мисалдарда күчөтмө маанисин берген: bertet- (sıkı hale getir- / бекитүү, бекемдөө), ivit- (acele et-, koş- / шаштыруу), ögit- (öv-, meth et- / мактоо), semrit- (semirt- / семиртүү).

Демек эски түркчөдө анын көбүнчө күчөтүү мааниде колдонулушу, аркылуу мамиле мүчөсүнүн функциясын кийинчерек алганын көрсөтүп турат десек болот. Мындан сырткары эски түркчөдө мамиле мүчөлөрүнүн биринин артынан бири уланып келиши да (туюк мамиле мүчөсүнөн кийин аркылуу мамиленин мүчөсүнүн уланып келиши) алардын байыркы убакта мамиле мүчөсү катары толук түзүлө электигинен кабар берет.

Адабияттар

GABAIN A.Von (2007), Eski Türkçenin Grameri, Çeviren: Mehmet AKALIN.

BANGUOĞLU T. (2015) Türkçenin Grameri, Ankara

ATALAY B. (1940), Divanü Lügati't-Türk Tercümesi c. II, Alaeddin Kıral Basımevi, Ankara.

Российская Академия Наук, ЯЗЫКИ МИРА, Тюркские языки, Б., 1997.

ECKMANN, Janos (2017), Çağatayca El Kitabı (çev. Günay KARAAĞAÇ), İÜEF Yayınları, İstanbul.

TİMURTAŞ, Faruk Kadri (1992), "Eski Anadolu Türkçesi",Türk Dünyası El Kitabı,C. 2

HACIEMİNOĞLU Necmettin (2016), Türk Dilinde Yapı Bakımından Fiiller, Ankara.

GÜLSEVİN Gürer (2004), Türkçede Sıra Dışı Ekler ve Eklerin Tasnif Tanımlanma Sorunu Üzerine, V.Uluslararası Türk Dili Kurultayı, TDK.Yay., Ankara, s.1267-1283.

ERGİN Muharrem, (2019), Türk Dil Bilgisi, İstanbul.

TEKİN T., (2016), Orhon Türkçesi Grameri, Ankara.

KORKMAZ Z., (2009), Türkiye Türkçesi Grameri Şekil Bilgisi, TDK, Ankara.

ERASLAN Kemal, (2012), Eski Uygur Türkçesi Grameri, TDK.Yay., Ankara.

САГЫНБАЕВА Б., ДЕРБИШЕВА З. Түрк жана кыргыз тилдеринин салыштырма морфологиясы. Б., 2014.

Рецензент: к. ф. н., доц. С.К. Егимбаева